**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмү**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**
**Кара-Суйский районный отдел образования**

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

______________№__________
№ 231-б 15.09.2022

**Райондогу жалпы билим берүү уюмдарында окуу процессинде уюлдук байланыш каражаттарын окуучулар тарабынан чектелүү түрдө колдонуу тууралуу Сунуштарды бекитүү жөнүндө**

Райондогу жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын ден-соолугунун начарлашынын алдын алуу, окуу-тарбиялоо процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу, ошондой эле 2022-жылдын 10-майындагы “Жашы жете электер арасында укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүндө болгон кеңешменин №32-1608 протоколун жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 30-августундагы № 1655-1 буйругун аткаруу максатында **буйрук кылам:**

1. 2022-жылдын 10-майындагы “Жашы жете электер арасында укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүндө болгон кеңешменин №32-1608 протоколун жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 30-августундагы № 1655-1 буйругу аткарууга алынсын.
2. Жалпы билим берүү уюмдарында окуу процессинде уюлдук байланын каражаттарын окуучулар тарабынан чектелүү түрдө колдонуу тууралуу Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген Сунуштар мугалимдер, окуучулар, ата-энелерге жеткирилсин жана иш жүзүнө ашырылсын.
3. Жогорудагы буйрукту аткарууга алуу жана ар чейректин жыйынтыгы менен жазуу жүзүндө райондук билим берүү бөлүмүнө маалымат берип туруу жагы мектеп директорлоруна милдеттендирилсин.
4. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө райондук билим берүү бөлүмүнүн жетектөөчү адиси М.Раимжоновага тапшырылсын.

**Башчы** **Г.Машрапова**

Даярдаган М.Раимжонова